ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Диссертациялык кеңеш Д.10.02.181

УДК 82-1/9.2(575.2) (043.3)

Кол жазма укугунда

САДЫРОВ МУРАТБЕК ТЕНТИЕВИЧ

# *КЫРГЫЗ ДРАМАТУРГИЯСЫНДА ТАРЫХЫЙ ЖАНРДЫН КАЛЫПТАНЫШЫ, ӨНҮГҮШҮ*

Адистиги 10.01.01 - кыргыз адабияты

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**авторефераты**

Бишкек - 2002

Иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды.

Илимий жетекчи: филология илимдеринин кандидаты, доцснт А.Абдыразаков

Расмий оппоненттер: КР ИУАнын корр.-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор А.Садыков филология илимдеринин кандидаты, профессор С.Байгазиев

Жетекгөөчү мсксме: Ал-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин казак адабияты кафедрасы

Диссертациялык иш 2002-жылдым 27.09. саат 13⁰⁰ Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу түзүлгөн (Тең-уюштуруучу-КРУИАнын Маиас таануу ж;ша көркөм маданияттын улуттук борбору) филология илимдсринии доктору (кандидаты) илимий даражасын ыйгаруучу Д 10.02.181 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071 Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265ᵃ.

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасьшан таанышууга болот.

Автореферат 2002-жыщдын 24-августунда жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты А.Кадырмамбетова

**Иштин** жалпы мүнөздөмөсү

Дүйнө искусствосунун тарыхый процесси көркөм чыгармачылыктын түрдүүчө тенденциялары аркылуу калыптанат, өнүгөт. Адамзат коомунун турмуштук жана маданий жашоосунун тарыхый байланыштарынан түзүлүп, ага жандуу кудурет бере турган касиет - адабияттын тарыхый жанрдык негиздеринен келип жаралат. Ошондон улам ар мезгилдин чыгармачыл өкүлдөрүнүн тарыхый материалдарга кайрылуусунун мыйзам ченемдүү көркөм шарттары келип чыгат. Кезегинде бул маселелер өзгөчө көңүл бөлүүгө арзыйт, анткени, көркөм чыгармачылыктын өзү да тарых сыяктуу эле мезгилдик мүнөздөгү реалисттик чындыктан турат. Ошондуктан, «процесстин жыйынтыгын эмес, процесстин өзүн үйрөнүү керек» (Горький) болот.

Кыргыз драматургиясынын 60 жылга чамалаш чыгармачылык тажрыйбасына көз чаптырып көрсөк, анын ичинде тарыхый жанрга таандык деп эсептелген драмалык чыгармалардын көркөм мазмунунан орчундуу делинген көптөгөн тарыхый окуялар сыртта калбаптыр. Мунун өзүн турмушту көркөм өздөштүрүүнүн тарыхый негиздүү башаттары катары түшүнүүгө болот. Демек, тарыхты өздөштүрүүнүн өзү, элдин өткөн доорлордо башынан кечирген тагдыры менен жазуучунун учурдагы чыгармачылыгынын диалектикалык байланыштарын өбөлгөлөйт. Ал эми тарыхый окуялардын драматизмдүү учурларын чагылдыруу иши көркөм чыгармачылыктын негизги мазмунун түзүп берет. Мунун эң бир ийкемдүү формаларынан болуп адабий көркөм чыгармачылыктын жанрдык негиздери эсептелет. Бул болсо тарыхый драматургиянын жанрдык бөтөнчөлүктөрүнүн диалектикалык жүрүшүн үйрөнүп чыгуу маанисин жогорулатып, анын көркөм мазмундук негиздерине умтулган тарыхый чындыктын чыгармачыл касиеттерин ачып берүү зарылчылыгын туудурат. Ошентип, кыргыз драматургиясынын тарыхый жанрынын чыгармачыл процессинин тарыхый формалык көркөм контексттерине көңүл бөлсөк, анын төмөнкүдөй мүнөздөгү мазмундук типтери келип чыгат:

- кыргыз элинин байыркы өткөн доорундагы тарыхый окуялары (К.Жантөшев «Курманбек», К.Маликов, А.Куттубаев «Жаңыл» тарыхый-эпикалык драмалары), өзгөчө баатырдык иштери; XIX жана XX кылымдардагы кыргыз элинин башынан өткөн тарыхый учурларындагы (А.Токомбаев "Өлбөстүн үрөнү", К.Тыныстанов "Көз көргөндөр", Ж.Турусбеков "Ажал ордуна" ж.б.) эркиндик үчүн болгон күрөштөрү; Октябрь революциясынын жеңиши жана андан кийинки тарыхый турмушу (А.Токомбаев "Күндүн чыгышы", К.Маликов "Бийик жерде", К.Жантөшев "Каныбек", Т.Абдумомунов "Ашырбай", Н.Байтемиров "Уркуя", А.Осмонов "Баатырдын өлүмү" ж.б.), жаңы замандын орношу; Улуу Ата

Мекендик согуш ж.б. чагылдырган драмалык чыгармаларды көрсөтүүгө болот.

- ошого байланыштуу тарыхый драматургиянын чыгармачыл көркөм контексттине алынган фактылык матсриалдарга көңүл бөлүнөт.

- ал өзүно кыргыз элинин башынан ксчирген тарыхый окуяларынын драмалык чыгармачылыкта корком өздоштүрүлүшүнүн жанрдык процессиничинекамтыйт.

Диссертациялык иштин негизги масслслерин чсчип берүүнүн маанилүү жагдайларынан келип анын тематикалык **актуалдуулугу** төмөнкүдөй:

- тарыхый темадагы драмалык чыгармалардын көтөрүп чыккан проблемалары жана анда чагылдырылган тарыхый окуялардын жанрдык өздөштүрүлүшү, өзгөчөлүктөрү атайын каралып өз алдынча такталып чыгыла элек;

- кыргыз драматургиясынын көркөм чыгармачылык салттарынын өсүп-өнүгүшүндөгү тарыхый жанрдын чыныгы ордун белгилейт;

- кыргыз тарыхый драмаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрүнүн өз алдынча каралып чыгышы алардын адабий тектүүлүгүн ачып берет;

- тарыхый драматургиянын жанрдык табиятын ачып берүү алардын драмалык жана пьесалык чыгармалардан экендигин бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет;

- кыргыз тарыхый драмаларынын көркөм эмес тарыхый реалдуулуктар менен болгон чыгармачылык байланыштарынын жанрдык өболгөлөрүн аныктайт;

- тарыхый жана тарыхый эмес драмалардын көркөм мазмундук жана формалык байланыштарын бөлүп көрсөтүү менен алардын жанрдык бөтөнчөлүктөрүн да белгилейт;

- тарыхый драматургиянын жанрдык жактан енүгүшүнүн көркөм тенденцияларына таянуу менен аларга кээ бир прогноздук мүнөздөгү жыйынтыктарды да чыгарат.

Изилдөөнүн объектисине кирген тарыхый драма жанрынын калыптана баштаган мезгилинен тартып (20-30-ж.ж.) анын XX кылымдын 70-жылдарынын орто ченине чейинки өнүгүү мезгили камтылат. Ошондон улам тарыхый чыгармачылыктын мезгилдик чектери драманын типологиясын белгилоө үчүн тандалгап тарыхмй окуялардын өзгөчөлүктөрү аркылуу тастыкталат. Мындан келип драмалык чыгармалардын иргелип алынышы тарыхый жанрдын адабий көркөм процесси аркылуу жүргүзүлөт. Ошентип, иштин борбордук маселелерин чечип берүү үчүн К.Тыныстановдун «Коч көргөндөр» («Академия кечелери» циклинен), Ж.Турусбековдуи «Лжал ордума», Ж.Бөкөмбаевдин «Токтогул», Т.Абдумомуновдун «Ашырбай», Л.Токомбаевдин «Өлбөстүн үрөнү», Б.Жакиевдин «Мин кыял», Н.Байтемировдун «Уркуя» жана башка



чыгармалар алынат. Иште тарыхый драматургиянын жанрдык формаларынан улам келип андан теориялык тыянактар гана чыгарылбастан, ошондой эле тарыхый окуяларды камтыган кээ бир пьесалык чыгармалардын жанрдык маселелери да каралат.

Изилдөөнүн методологиялмк жана теориялык негиздерин тарыхтын диалектикалык процессинин реалисттик материалдарына таянган драмалык жанрдын адабий чыгармачыл бүтүндүктөрү аныктайт. Буга ылайык теманы изилдеп чыгууда көптөгөн теоретикалык негиздеги жыйынтыктарга таянуу менен кыргыз драматургиясынын тарыхый жанрдык процессине карата бир катар методологиялык изилдөөлөр жүргүзүлөт. Кыргыз тарыхый драма жанрынын материалдарын изилдеп чыгуу үчүн - тарыхый-теоретикалык, типологиялык-салыштыруу жана функционалдык методдор колдонулду. Драматургия адабий тек катары анын башка тектери менен өзүнүн генетикалык байланыштуулугун үзгөн жок, ошого жараша булардын көркем тутумдаштыктары менен катар эле алардын жанрдык жактан болгон айырмачылыктарын ачып берүү максатында адабий талдоо методу пайдаланылды. Анткени, чыгарманын бөтөнчөлүктөрүн таппай туруп, алардын жанрдык байланыштарын жаратып берүү мүмкүн эмес. Ошентип, тарыхыйлуулук принцибинин драма чыгармачылыгындагы көркөм шарттарына ылайык учурлары тарыхый методдун негизинде анализдөөдөн өтөт. Ал эми тарыхты көркөм чагылдыруудагы жазуучулардын чыгармачыл табылгаларынын бөтөнчөлүктөрү жана жалпылыктары типологиялык салыштыруунун негизинде жүргүзүлөт. Ошондон келип тарыхый хрониканын турмуштук чындыгын чагылдырып берүүчү драманын адабий чыгармачылык көркөм функциялары ачылып берилет. Тагыраак айтканда, тарыхты драматургиялык чыгармачылык аркылуу өздөштүрүүдөгү адабий жанрдын реалисттик мазмунуна таянган көркөм функциялык максаттар ишке ашырылат.

Изилдөөнүн негизги максаты жана маселелери.

Тарыхый драмалык чыгармачылыктын жанрдык табиятын классификациялоодо азыркы мезгилдерге чейин бирдиктүү айтылган жыйынтыктуу пикир жок, жана анын чечилип берилиши өтө эле татаал проблемалардан болуп келе жатат. Мунун натыйжасында театр сахнасы үчүн жана өз алдынча адабий көркөм чыгарма катары жазылган драмалардын жанрдык бөтөнчөлүктөрүн аныктап берүүчү теоретикалык критерийлер алигиче толук иштелип чыгыла элек. Алсак, кыргыз драматургиясынын тарыхый жанрына арналган бир топ илимий изилдөөлөр, адабий талдоолор адабият окумуштуулары, изилдөөчүлөрү М.Борбугуловдун «Кенч капкасын ачып», К.Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы», А.Абдыразаковдун «Азыркы кыргыз

драматургиясы», «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» аттуу эки томдук китептеги С.Байгазиев жазган драматургия бөлүмдөрүндө жаиа башка эмгектерде бул сыяктуу маселелер ар тараптуу каралып келди. Ошондой болсо да кыргыз тарыхый драматургиясынын темасында иштелгеи бир катар чыгармалардын жанрдык маселелери илимий-теориялык деңгээлде изилденилип чыгыла элек. Мына ушул маанилүү маселелерди чсчип берүү максатында биз оз ишибизде кыргыз драматургиясынын тарыхый-тематикалык чыгармачылык процессинин хронологиялык жүрүшүн иликтөөгө алуу менен бирге, алардын жанрдык ботончөлүкторүнө ылайык келген драмаларды тарыхый, тарыхый-биографиялык, тарыхый-революциялык жана тарыхый-эпикалык түрлөрүндө классификациялап бердик. Бул милдетти жүзөгө ашырууда драмалык чыгармачылыктын жанрдык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, кезегинде алардын теориялык негиздерине таянган практикалык жыйынтыктарын чыгардык.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.**

Адабий тектердин кайсы бир жанры чыгармачылыктын көркөм процессинде активдүү роль ойноп турган учурда ал дайыма илимий изилдөөнүн көз кырында болуп турат. Ал эми чыгармачылык практикадан мезгилдик жактан ажырымдыкта турган учурда, биз өзүбүздүн диссертациялык ишибизде тарыхый драматургиянын жанрдык критерийлерине таянып иш жүргүзүү менен ага карата туура тыянак чыгарууга аракет кылдык. «Чечим чыгарыла элегине караганда, жаңылыш жыйынтыктуу корутунду алда канча көп зыян алып келет» - деп кытай философу Го Мо-жо айткандай, тарыхый драматургиянын жанрдык процессинин көркөм адабий контекстин изилдеп, иликтөөлөрдүн жыйынтыктарында өтө кылдат болууга аракеттендик. Ошондон улам иштин теориялык тыянактарын чыгарууда драматургия эле эмес, жалпы эле көркөм адабий чыгармачьшыктын үстүндө эмгектенген көрүнүктүү окумуштуулардын, адабиятчы-изилдөөчүлөрдүн пикирлерине таянып иш жүргүздүк. Ошонун негизинде тарыхый драманын жанрдык табиятын ачыи, аны изилдеп чыгуудан келип чыккан маселелерди аныктоодо - А.Аникcттин, В.Хализевдин, Я.Явчуновскийдин, Р.Нургалиевдин, И.Л.Мухранелинин, Н.Ф.Бельчиковдун, В.М.Гацактын ж.б. эмгектерине кайрьшууну көздөдүк. Кыргыз тарыхый драматургиясынын жанрдык-стилдик маселелерине арналган А.Абдыразаковдун иликтөөлөрү, ал эми анын жанрдык жактан көркөм трансформацияланышындагы М.Борбугуловдун, С.Байгазиевдин ж.б. пикирлери эске алынды. Мунун өзү чыгармачылык салттардын тарыхый-адабийлик негиздерине таянган, өткөндүн бүгүнкү күн менен болгон жанрдык байланыштарьш тарыхый драманын көркөм чыгармачылык тенденциялары аркылуу ишке ашырууга ыңгайлуу шарт түздү. Ошентип, тарыхый драматургиянын жанрдык



жалпылыктарынын жана өз алдынчалыктарынын чыгармачылык концепциялары драмалык чагылтуунун теоретикалык критерийлери аркылуу каралып чыгылды. Ушундан келип биз өзүбүздүн диссертациялык ишибизде тарыхый драмалык чыгармачылыктын жанрдык концепцияларынын көркөм контексттүү практикалык негиздерин аныктап берүүгө умтулуу менен анын теориялык тыянактарын чыгардык. Буга байланыштуу иштин практикалык маанилүүлүгү болуп, анын кээ бир жыйынтыктары драматургия тармагын изилдөөчүлөрдү кайдыгер калтырбоого тийиш. Анткени, адабий көркөм тексттердин мазмундук негиздерине мамиле кылууда аларды үйрөнүүнүн ар түрдүү формадагы жагдайлары келип чыгат - кимдир бирөө чыгарманы жаратса, кайсы бири аны изилдөөгө алат да, дагы бири алардын жыйынтыктарын практикалык максатта пайдаланат. Ошондон улам иштин практикалык абалдары жана ошондой эле тарыхый драмаларга кирген чыгармаларды анализдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларында теоретикалык курстарды, практикалык сабактарды өткөрүүгө пайдаланышы мүмкүн.

**Илимий иштин жаңылыгы** барыдан мурда кыргыз тарыхый драматургиясынын калыптанып, өнүгүшү процессин өз алдынча иликтөөгө алуу менен анын жанрдык жактан трансформация-ланып, илимий-теориялык негизде каральш чыгылышы болду. Мындан улам кыргыз тарыхый драматургиясынын түрдүк (вид) жактан болгон жанрдык бөтөнчөлүктөрү алардын тарыхый фактыларына таянылуу аркьшуу классификацияланып берилди. Буга байланыштуу кыргыз тарыхый драма жанрынын өзү менен тектеш жана тектеш эмес жанрлардан болгон чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жана жалпылыктары илимий-теориялык багытта каралып чыгылды. Мунун өзүнөн келип тарыхый драма чыгармачылыгынын пьесалык категориясына тиешелүү болгон бир катар жанрдык аспектилери ачьшып берилди. Бул болсо драматургиялык чыгармачылыктын теоретикалык жана практикалык негиздерине таянган илимий изилдөөнүн маанилүү маселелеринин аныкталып берилишине өбөлгө болду.

**Иштин апробациясы.** Илимий изилдөөгө коюлган илимий-теоретикалык жоболордун негизинде диссертациялык иштин материалдары илимий журналдарда (КМУУнун «Вестник» (5), Республикалык «Эл агартуу» (1), ЫМУнун «Кыргыз тили жана адабияты» (1), КР ИУАнын Тил илими институтунун «Мамлекеттик тилдин 10 жылдыгьша карата өткөрүлгөн «Кыргыз тили: кечээ, бүгүн жана эртең» Эл аралык илимий конференциясынын материалдары (1), К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин белгилүү илимпоз-тилчилер Самак Давлетовдун жана Жүзөкан Осмонованын 70 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциясынын материалдар жыйнагында (1)

жана К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин профессорлор К.Тыныстанов, Х.Карасаев жана мамлекеттик ишмер Ж.Абдрахмановдун 100 жылдыгына арналган «Эл куту болгон Ысык-Көл аймагынын залкарлары» илимий-практикалык конференциясынын материалдар жыйнагында (1) апробацияланган.

**Иштин жалпы структурасы.** Диссертация киришүүдөн, ар бири экиден параграфтан турган эки баптан, корутунду бөлүмдөн жана пайдаланган адабияттардан турат.

Бул иште изилдөөгө алынган маселелердин жалпы мазмунун белгилөө менен катар аны жүзөгө ашыруунун маанилүү ыкмаларын аныктоо диссертациянын киришүү бөлүмүнүн негизги максаты болуп эсептелет. Ошого байланыштуу кыргыз драматургиясындагы тарыхый чыгармачылыктын жанрдык жактан калыптанып, өнүгүшү маселелеринин маанилүү жагдайларына көңүл бурулат. Ошентип, аны ишке ашыруунун илимий изилдөөчүлүк максаттары, структурасы жана негизги мазмуну белгиленип берилет.

«Кыргыз тарыхый драма жанрынын калыптанышы, өнүгүшү» деп аталган I баптын «Тарыхый драманын пайда болушу жана жанрдык жактан калыптанышы» деген 1-параграфында жалпы эле кыргыз драматургиясынын 20-30-жылдар аралыгында чыгармачылык жактан калыптануу процессине көңүл бурулуу менен анын ичинде тарыхый драмалардын пайда болушуна жана алардын жанрдык жактан калыптана башташына өзгөчө орун берилет. Мындан улам кыргыз тарыхый драматургиясынын чыгармачылык процессинин хронологиялык тартиби сакталып, жанрдык жактан изилдөөгө алынат. Кыргыз драматургиясынын жалпы тарыхы өтө деле чоң эмес. Мына ушул чакан мезгил аралыгында кыргыз драматургиясынын тарыхый жанры өз алдынча чыгармачылык процесске айланды. Бул болсо кыргыз тарыхый драматургиясынын жанрдык жактан калыптанышына жана өнүгүшүнө маанилүү чыгармачылык шарттарды түзүп берген болчу. Мына ушул маселелерди чечип берүүнүн өзүнөн келип, анын баштапкы чыгармачылык салттарышын натыйжасында топтолгон тажрыйбалары аркылуу жаңы чыгармачылык багыт кантип өздөштүрүлгөндүгүн аныктап берүү бул бөлүмдүн негизги максатына айлангандыгын айтып коюу керек. «Эгерде театр искусствосу жөнүндө айтсак, башка мамлекеттерден сырткы гана формасын алабыз. Өзүбүздүн искусствону жаратууга кемек боло турган жалпы мыйзамдыктарды жана нормаларды гана үйрөнөбүз. Искусствонун денине жана сезимине зарыл болгон нерселерди биз өзүбүздүн казынабыздан сузуп алып, өзүбүзгө гана мүнөздүү искусствону жаратабыз»[] - деп казак

[] Нургалиев Р. Поэтика драмы. Истоки и тенденции развития казахской драматургии. -Алма-Ата. 1979. с.83.



окумуштуусу Р.Нургалиев белгилегендей, кыргыз элинин тарыхый таржымалынан жаралган көркөм ой жүгүртүүнүн алгачкы чыгармачылык тажрыйбалары, драма тегинин жанрдык формаларын жаңыча мазмунда өздөштүрүү процессинин бирден-бир булагы катары кызмат өтөгөн эле. Ошондон улам тарыхый драмалык жанрдын калыптанышынын ар бир этабына көңүл буруу үчүн, ал мезгилдердин кайсы бир себеп-натыйжаларынын таасиринен келип ондогон жылдардын окуяларын ичине камтыган драмалык чыгармачылыктын жалпы процессинин тематикалык мүнөзүнө токтолуунун негизги шарттары белгиленет. Ошол мезгилдеги драмалык жанр кандайдыр бир деңгээлде учурдун чыгармачылыгы катары калыптанып, анын мазмунунда мындай учурларда эл турмушуна жакын турган драматизмдүү окуялардын басымдуулук кылышы мүнөздүү, анткени, бир чети ал ага муктаж да болот. Ошондуктан, бул учурдагы чыгармачылыкта канатсыз хроникалык окуялардын үстөмдүк кылып кетүүсү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени, чыгармачылык жактан телчигүүнүн мындай кырдаалдарын дүйнөдөгү бир дагы көркөм адабият аттап өтө алган эмес, тагыраак айтканда ар бир жаш адабияттын «турмуштун өзүнө окшошкусу келген» (натуралисттик) мүнөзү дал ушул мезгилине туура келет. Мунун далили катары кыргыз адабиятынын тунгуч делинген кайсы гана тегиндеги чыгармачышыгын албайлы, жогорудагы пикирибизге жооп болуп түшөт. Бирок мунун өзү кыргыз адабиятынын баштапкы чыгармачылык көркөм салттарын четке кага албайт, анткени, анын ичинде драмалык өнөр да кыргыз элинин улуттук чыгармачылыгына ылайык жашап келген болчу. Бул жерден айтып кете турган нерсе, драма өнөрү өз алдынча турган жанрдык сапатында көрүнө албай келгендигинде. Бирок, элдик чыгармачылык салттын өзүндө өтө баалуу «сахналык шык» катылып жаткан эле. Ошондуктан, элибиздин «Манас» үчилтиги баштаган эпосторунун драма жанрында жаңыча нук алышынын өзү да бекеринен эмес болчу.

Тарыхый жанрдын кальштануу процессинин ийгиликтүү натыйжалары 30-жылдардан кийинки драмалык чыгармалардан көрүнө алды десек болот. Ошентип, буга чейинки жана андан кийинки жылдардагы драмалык чыгармачылыктын мүнөзү кандайча өзгөрүүлөргө туш болду? Алсак, алгачкы драматургдар өткөндүн окуяларына кайрылууда алардын тарыхый деталдарын кыйгап өтүшүп (атайын эмес), көбүнесе өз учурунун турмуштук мүнөздөрүн ачып берүүгө умтулушкан, башкача айтканда, өткендүн тарыхый коллизиялык фактылары көмүскөдө кала берген. Анткени бул мезгилдеги сахналык чыгармачылыктын драмалык критерийлеринин жанрдык концепциялары жаңыдан гана калыптанып жаткан учуру эле. Бул чыгармаларда тарыхый инсандардын ордулары болушунча жокко эсе болуп, алар окуянын перифериясында ойдон чыгарылган кейипкерлер

аркылуу түзүлүп келишкен. Бул тенденциянын 30-жылдардан кийинки мезгилдеги чыгармачылыкта жанрдык жактан жаңыча нукка түшө баштаганынын эки түрдүүчө негизи бар. Биринчиден, драманын тарыхый фактынын тилинде сүйлөөгө умтулуусунун акыры келип ар түрдүү турмуштук конкреттүүлүктү чагылтууну шарттаган эле. Экинчиден, мунун өзү драманын тарыхый документтүүлүктү пайдаланууну өбелгөлөгөн адабий чыгармачыл жанрдын түзүлүшүнө негиз болгон окуялардын реалисттик мазмундарынын жаралышына шарт түзүп, аларды көркөм чындыктын эстетикалык критерийлери аркылуу чечилишине түртө баштаган болчу. Ушуга байланыштуу изилдөөнүн атайын негиздери хроникалык принцип-терге таянуу менен анын жанрдык жактан өздөштүрүлүшүнүн тарыхый жана көркөм чыгармачылык шарттарын иликтейт. Атап айтканда, иштин бул бөлүгүнүн негизги максаттарынан болуп кыргыз тарыхый драматургиясынын 20-30-жылдарынан баштап анын 70-жылдардын орто ченине чейинки чыгармачылык жактан калыштанып, өнүгүшү процессин, тарых менен көркөм-реалисттик фактынын контексттиндеги бир бүтүндүктөрүн карап чыгуу максатын ишке ашырат. Ошондон улам биз өзүбүздүн ишибизде кыргыз тарыхый драматургиясынын тарыхый фактылык материалдар менен болгон адабий чыгармачылык байланыштарын жанрдык жактан чечмелөөгө алуу менен кезегинде алардын жанрдык параллелизмдерине көңүл бурдук. Ошентип, көркөм тексттердин пайдаланышы аларды тарыхый фактылар менен салыштыруу, далилдөө максатын ишке ашырат. Мунун өзү тарыхый драмалардын жанрдык жактан калыптанышы, өнүгүшү процессине таянуу аркылуу жүргүзүлдү.

Конкреттүү тарыхый фактылык материалдардын документтик негизинде жазылган драмалык чыгармалар 30-жылдардан кийинки мезгилдерге таандык. Мындай драмалардын алгачкы чыгармасынан болуп К.Тыныстанов, Ш.Көкөнов, А.Сопиев жана башкалар биргелешип жазган «Академия кечелери» цикли эсептелет. Драмалар жыйнагынын К.Тыныстанов өзү жазган жана сакталып калган «Көз көргөндөр» деп аталган тарыхый-документалдык бөлүмүндө XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы кыргыз элинин коомдук турмушунун саясий-экономикалык кырдаалдары чагылдырылат. К.Тыныстановдун «Көз көргөндөр» драмасын («Академия кечелери» циклин эске алуу менен) кыргыз элинин тарыхый турмушунун бир учурун жана анын конфликттик мүнөзүн реалдуу чагылдырып берген чыгармалардан экендигин белгилөөгө болот. Мына ушул жактан алып караганыбызда, «Көз көргөндөр» драмасына чейинки чыгармалар көбүнесе өз учурунун турмуштук окуяларына карата мүнөздөлүп түзүлүп келген болсо, ал эми «Академия кечелери» цикли жазылып чыгылган учурду эске алсак, ошол мезгилдин



жанрдык мүнөзүнө көп коошо бербеген бир нерсе, өзү менен замандаш жаралып жаткан чыгармалардан айырмаланып, анын өткөн доорлордун тарыхый окуяларына кайрылышы, кезегинде бул драманын туура эмес түшүнүлүшүнө да алып келген эле. Анткени, жалпы эле кыргыз адабияты анын ичинде драматургия чыгармачылыгы да көбүнесе жаңы совет мамлекетинин жеңиштүү окуяларын чагышдырып жаткан мезгил болчу. Ошондон улам «Академия кечелери» цикли да алардын катарында каралып, ал учурдун чыгармачылык калпыстыгы (идеялык жаңылыштыгы) катары бааланышына алып келген эле. Мындай мамиленин өзү көркөм чыгармачылык менен адабий сындын ортосувдагы чоң ажырымдыктарды жаратып, тарыхый жанрдын калыптанып андан ары өнүгүшүнө бир топ кедерги болгон эле.

Тарыхый драма жанры 30-40-жылдардын аралыгында кыргыз драматургиясынын чыгармачылык процессин жаңыча көркөм бийиктикке көтөрүп чыккан болчу. 1934-жылы Ж.Турусбековдун калеминен жаралган «Ажал ордуна» тарыхый драмасы кыргыз сахна өнөрүн профессионалдык нукка бурууга жетишкен эле. Ж.Турусбеков өзүнүн «Ажал ордуна» музыкалык драмасында кыргыз элинин улуттук чыгармачышыгыныи адабий көркөм салттарына жакын туруп элдик тарыхтын 1916-жылдагы оор тагдырын чагылдырып берүүгө өз алдынча келген драматургдардын катарына кирет. 20-30-жылдардагы ыр менен жазылган драмалык чыгармаларда кейипкерлердин диалогдук кебинин конфликттик мүнөзүнө жетишээрлик деңгээлде көңүл бурулбай, көпчүлүк басым риторикага ыйгарылып келгендиги даана эле байкалат. Кыргыз адабиятынын драмалык чыгармачылыгынын калыптанышы мезгилиндеги мындай жагдайлар өздөрүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө да ээ болчу. Анткени, буга чейинки адабий процесстин бүтүндөй өнүгүшүн камтып келген көркөм чыгармачылыктын элдик салттарынан кыйгап өтүү мүмкүн эмес эле. Анын үстүнө поэтикалык ой жүгүртүү өзүнүн «фольклордук» мүнөзүндө али да болсо жашап жаткан болчу. Дегеле фольклордук салтты пайдалануунун өзү жалпы эле кыргыз драматургиясынын көркөм чыгармачылык деңгээлдерин жаңыча бийиктиктерге көтөрүүгө оң таасирин тийгизген эле. Улуттук адабиятыбыздагы «Ажал ордуна» музыкалык драмасынын тарыхый окуяларды чагылдырып берүүсүндөгү өзгөчө касиетке айланышынын негизги өбөлгөлөрүнөн болуп, поэтикалык тил да, драмалык тил да бул чыгармада кандайдыр бир деңгээлде бири-бирин көркөмдүк жактан шарттап турган оозеки кептин сапатында бирге көрүнө алышкандыгында. Бул маселе ошол эле учурда драматургдун поэтикалык тилдин өзгөчө касиеттерине туура мамиле этүү даражасы менен да тыгыз байланышта чечилери шексиз. Тагыраак айтканда, драмалык тил окуянын кыймыл-аракеттик жүрүшүн жандап, анын тарыхый таржымалын чагылдырып

берүүчү негизги компонентке айлануусу керек. Бул жагдайды жалпы жонунан карай турган болсок, ошол жылдардагы тарыхый драмалардын композициялык түзүлүштөрүнүн көркөм жыйынтыктары театралдык сахна аркылуу реалисттик чыгармачылыкка айланып келген эле. Анткени, бул мезгилдеги драмалык чыгармалар көбүнесе сахна аркылуу көркөм адабиятка шартталуу мүнөзүнө ээ болуп келген эле, бирок мунун өзү анын театралдык режиссурасын да толук түрдө ишке ашырат дегендик эмес. Маселен, К.Тыныстановдун «Көз көргөндөр», Ж.Турусбековдун «Ажал ордуна» музыкалуу драмасынын көркөм мазмунуна тереңирээк түшүнүү үчүн анын театралдык факторлоруна мамиле этүү зарылчылыктары туулат. «Драманын поэтикасынын көптөгөн мыйзамдарынын таанылгыс күчүнө ылайык ал адабий жазма тилинен оолактатылып театрга ыйгарылган»[1]. Ошентип, кыргыз драматургиясынын калыптануу мезгилинде жазылган драмалар эпостук жана лирикалык чыгармалардан болгон өзүнүн бөтөнчөлүгүн дал ушул театрга түздөн-түз тиешелүүлүктөрү аркылуу жаратып келишкен. Ал эми «Ажал ордуна» драмасындагы поэтикалык тил элдин тарыхый деминен чыккан чындыктын көркөм-адабий тиби катары көрүнөт. Айрыкча өзүнүн көкөй кескен турмушуна ортоктош жашап, кайрадан ага күчтүү эрк бере турган касиетке ээ болуп келген поэтика кыргыз элинин тарыхый тагдырына такшалган чыгармачыл жүзү болуп эсептелет. Ошондон улам Ж.Турусбеков өзүнүн драмасында тарыхты көркөм чагылдыруунун мазмундук негизин шарттап турган тарыхый жанрдын реалисттик формасын поэтикалык тил аркылуу жаратып берүүгө жетише алгандыгын көрөбүз.

Элдик тарыхты көркөм өздөштүрүү иши анын чыныгы атуулдарынын жана инсандарынын реалисттик образдарын жаратууга түрткү болот. Бул жагынан алганда кыргыз драматургдарынын чыгармачылык көңүлүн биринчи кезекте кыргыз акындарынын тарыхый-чыгармачылык көркөм таржымалдары көбүрөөк кызыктыра алган эле. Анткени, тарыхый инсандардын образдарын драма жанрында чагылтууга карата болгон чыгармачылык мамилелердин артыкчылыгы, биринчи кезекте эл акындарынын белгилүү деңгээлде тарыхтагы конкреттүү орду болгон болсо, экинчиден, алардын чыгармачылыгы өздөрү жашап өткөн доордун тарыхый мүнөзүн таасын чагылдырып тургандыгында эле. Мунун өзү драматургдарга чыгармачылык көркөм материал болуу менен бирге аларга тарыхый жанрдык ыңгайлуу өбөлгөлөрдү түзүп берген болчу. Тарыхый драма жанрынын тарыхый-биографиялык түрүндөгү алгачкы чыгарма катары Ж.Бөкөмбаевдин «Токтогул» (1937) аттуу музыкалык драмасын көрсөтүүгө болот. Ж.Бөкөмбаев драма тегинде Токтогулдун образын алып чыгуу менен тарыхый драматургиянын жанрдык жаңыча

[1]Мухранели И.Л.Актуальные пробле.чы литературной критики.–М., 1980. С.124.



мүмкүнчүлүктөрүн ачып берди. Бул болсо драматургиянын чыгармачылык эле эмес, ошондой эле адабий жанрдык ийгиликтерин да белгилей алды. Дегеле тарыхый драма жанрынын тарыхый-биографиялык түрүнүн пайда болуп, өнүгүшүнө 1926-жылы улуттук музыкалык-драма студиясынын уюшулушу жана бүтүндөй эле драматургияда жаратылып жаткан чыгармачылык ийгиликтер да зор өбөлгө болуп берген эле. Жалпы жонунан алганда, музыкалык драмалардын мазмунунан ар кыл турмуштук жана тарыхый окуялардын орун алышы, өз кезегинде драманын жанрдык көркөм изденүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейишине ыңгайлуу шарт түзүп берген болчу. Албетте, тарыхый драманын жанрдык түрлөрүнүн көркөмдүк жактан калыптанып, өнүгүшү бир кылка болгон жок. Алсак, тарыхый жанр өзүнүн чыгармачылык процессин бир нече жылдар бою тарыхый-биографиялык түрүндөгү драмалар аркылуу өнүктүрүп келген болчу. Мындайча айтканда, тарыхый драматургиянын жанрдык процессин өнүктүрүүдөгү тарыхый-биографиялык драмалардын адабий көркөм чыгармачылык үлүшү өтө белсемдүү болуп эсептелет.

I баптын «Тарыхый драма жанрынын өнүгүү тенденциялары» деген 2-параграфында кыргыз тарыхый драматургиясынын 50-60-жылдардын аралыгынан баштап анын 70-жылдардан кийинки мезгилдерге чейинки чыгармачылык өнүгүү процесси тууралуу кеп козголот. Алсак, бул мезгилдерде тарыхый-революциялык драмалар да жазыла баштады. Бул жылдардагы тарыхый драматургияда революциялык тематикалардын басымдуу түрдө иштелишинин өзү да, жалпы совет адабиятында жүрүп жаткан чыгармачылык тенденцияларга көбүрөөк байланыштуураак болгон эле. Ошентип, «сахнада Лениниана - советтик драматургиянын жетишкендиги болуп саналат. Н.Погодиндин «Мылтыкчан киши», «Кремль куранттары», «Үчүнчү патетикалык» аттуу даңазалуу үчилтиги, Ильичтин өзү менен бирге иштешкен талантуу жазуучу И.Поповдун «Үй-бүлө» аттуу драмалары кыргыз жазуучусу К.Маликовдун «Бийик жерде» аттуу драмасынын жаралышына конкреттүү шарт түздү десек жаңылыштык болбос»[1]. Тарыхый драма жанрында 50-жылдарга чейин эле көрүнүктүү тарыхый чыгармалардын жаралгандыгы белгилүү. Бирок анын жанрдык жактан байып, өнүгүшү дал ушул мезгилдерге туура келет. Мунун бирден-бир башкы чыгармачылык өбөлгөлөрүнөн болуп, кыргыз тарыхый драматургиясынын жалпы эле советтик драматургиянын жанрдык тенденциясына тематикалык жактан үндөшө алгандыгында болчу. Ошону менен катар эле Улуу Октябрь революциясынын жалпы совет элинин тарыхый тагдырына ортоктугу да алардын чыгармачылык байланыштарынын негизги өбөлгөсүнө айланган эле. Мына ушул чындыкты таанып билүүдө Октябрь революциясынын улуу идеалдарын алып жүргөн

[1] Тойбаев М. Турмуш. сахна. мүнөз. –Ф., 1975. 20-б.

реализмди чагылдырып берүүдө К.Маликов өзүнүн «Бийик жерде» драмасы аркылуу өтө маанилүү иш өтөгөн болчу. Бул касиет жеке эле тарыхый чындык менен чектелбестен, ошовдой эле адабий көркөм чыгармачылыктын жанрдык негиздерин да бирге ала жүрөт.

60-жылдардан тартып тарыхый драма жанры өзүнүн калыптанып, өнүгүү процессинин «экинчи баскычына» өткөндүгүн белгиледи. 40 жылга чамалаш убакыт аралыгында тарыхый драма жанры турмушту, тарыхты, реализмди өздөштүрүүнүн улам кийинки өнүгүү процессин ишке ашыра алды. Ошентип, тарыхый драматургияда буга чейин жаратылып келген чыгармачылык табышгалар, чеберчиликтер андан ары өркүндөтүлгөн жанрдык изденүүлөрдү ишке ашырууга тийиш эле. Бул жагынан алганда 60-70-жылдардын драматургиясы тарыхый жанрдын динамикалык мүмкүнчүлүктөрү аркышуу чындыкка карата болгон ой жүгүртүүнүн чыгармачылык өзгөчелүктөрүн көрсөтө алды. Албетте бул маселелер тарыхый жанрдык бардык деңгээлдеринде ийгиликтүү ишке ашырылды деп айтуудан алыспыз. Бул жылдардын жанрдык контексттинен орун алган окуялардын тарыхый фактылык уктарына өзгөчө маани берүү, көркөм чагылтуунун бирден-бир негизги аспектисине айлангандыгын көрөбүз. Ошол эле учурда жанрдык процесстин чыгармачылык алкагына тарыхый чоң окуяларды сыйдыруу жөндөмдүүлүгүнүн өскөндүгүн да байкайбыз. Бул жылдардын ичинде кыргыз тарыхый драма жанрында басымдуураак иштелген тематикаларынан болуп, тарыхый-биографиялык драмалар эсептелет. Дегеле тарыхый-биографиялык тема тарыхый драма жанрынын өзүнчө бир капшытын ээлеп келген магистралдык негиздеги чыгармачылыгы экендигин көрөбүз. Айрыкча 60-жылдардын тарыхый-тематикалык мүнөзү көрсөткөндөй, тарыхый-биографиялык драма жазуу өзгөчө бир чыгармачылык темпке айланган болчу. Бул чыгармалардын катарына Р.Шүкүрбековдун «Акындын үмүтү», Т.Абдумомуновдун «Сүйүү жана үмүт», Б.Жакиевдин «Миң кыял» сыяктуу драмаларын көрсөтүүгө болот.

Тарыхый драматургиянын чыгармачылык процесси жанрдык жактан көп түрдүүлөнүп, байуунун жолуна түшкөн учурда А.Токомбаев өзүнүн «Өлбөстүн үрөнү» пьесасын жазып чыккан эле. А.Токомбаевдин «Өлбөстүн үрөнү» пьесасы көркөм чыгармачылыкты жаңыча көрө билүүгө алып чыгып, анын баштагы процессинен өзгөчөлөнгөн реалисттик багытын жаратты. Бул жерден белгилеп кете турган нерсе, А.Токомбаевдин «Өлбөстүн үрөнү» пьесасы П.П.Семенов-Тянь-Шанскийдин «Путешествие в Тянь-Шань» аттуу мемуарынын негизинен алынып жазышган. «Тянь-Шанга саякат» Петр Петрович тарабынан 81 жашка келген курагында, 1856-57-жылдары саякат учурунда түзүлгөн күндөлүктөрүнүн негизинде жазылган. Ошондон кийин П.П.Семеновго 1910-жылы Тянь-Шанский деген



кошумча ысымы ыйгарылган. Орус падышачылыгынын Орто Азияны изилдеп чыгуусунун негизги максаттарынын бири катары, аны каратып алууну көздөгөндүгү белгилүү. Ал экспедициянын (чалгындын) өкүлү катары келген П.П.Семенов анын географиялык болжолун түзүп берүүчүлөрдөн болгон. Ошентип, түрдүү тарыхый коллизиялуулуктун 1916-жылдагы улуттук трагедиясы менен аяктаган оор натыйжаларына карабастан, падышалык Россиянын басып алуучулук саясаты кыргыз элинин жашоо-турмушунун тарыхый трансформациясына айланды десек болот. Анткени, бул өз кезегинде келип тарыхый конфликтүүлүктүн зор капшабына кабылган кыргыз сыяктуу элдердин жергесине «Өлбөстүн үрөнү» болгон Октябрь революциясы таңынын атышынын да маанилүү өбөлгөсү болгондугун танууга болбойт.

Тарыхый жанрда эмгектенген драматургдарды кийинки учурларда конкреттүү тарыхый конфликттүүлүктө чечилген инсандардын образдары, тарыхтын документалдык фактылары көбүрөөк кызыктыра баштаган болучу. Эгерде бул жерден кыргыз адабиятынын чыгармачылык процессинин жанрдык контекстине көз чаптырып көрсөк, анын драмалык өнүгүүндө талбай үзгүлтүксүз калем шилтеп, адабий тектин бул жаатын өзүнүн көркөм ой жүгүртүүчүлүгүнүн негизги тармагы катары тутуп келген жазуучулар саналуу гана болуп эсептелет. Алардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгышын лауреаты Т.Абдумомунов болуп эсептелет. Жеке чыгармачылыктан тартып бүтүндөй эле адабий процесстин өнүгүшүнүн профессионализм даражасына жетүүдөгү жолу, ар бир жанрда талбай түйшүк чеккен сүрөткерлердин таланты аркылуу жаралары талашсыз нерсе. Дегеле, Т.Абдумомунов өзүнүн чыгармаларында тарыхый коллизиялардын конфликттүү турмуштук кырдаалдарын ийкем туюна билген драматург болуп эсептелет, башкача айтканда, жамандын жакшы, жакшынын терс сапаттарын жымсалдап кое албаган аналитик сүрөткер. Мисалы, мындай каармандардын бирине драматургдун «Сүйүү жана үмүт» драмасындагы Керимбайдын образын алсак болот. Анын образы турмуштук кырдаалдарды ачып берүү өзгөчөлүгү менен катар эле өзүнө чейинки драмалык чыгармалардан алып келген бир жактуу мүнөзүнөн куткарылган болчу. Алсак, Керимбай адамкерчилигинен биротоло куру калган адам эмес, тескерисинче турмуштук жөндөмү бар, көбүнесе өзүнүн тарыхый прототибин алып жүргөн образда көрүнөт. Атап айтканда, Керимбай Токтогул акындын чыгармачылыгында (ырларында) мүнөз алган адамдын образында эмес, көбүнесе өзүнүн тарыхый шартына жакын турган турмуштук келбетине айландырылып чагылдырылат. Анткени, Т.Абдумомунов драматург катары поэтикалык сүрөттөө менен драмалык чагылтып берүүнүн турмуштук фактыларга карата болгон алардын синтетикалык

жана аналитикалык өзгөчөлүктөрүн эске албай койгон эмес. Мындайча айтканда, Т.Абдумомуновдун каармандары өздөрүнүн тарыхый шарттарына жакын турган турмуштук образдар болуп эсептелет. Бул аркылуу тарыхый драма жанрынын көркөм мүмкүнчүлүктөрү улам барган сайын өзүнүн чыгармачылык касиеттеринин жаңыча чектерин ача баштагандыгын да көрөбүз. Драматург катары бул өндүү көркөм компоненттердин драматизмдик өзгөчөлүктөрүн жаратуучулардын бири болуп Б.Жакиевдин чыгармачылыгы эсептелет. Драматургдун чыгармачылык жүзү анын алгачкы эле «Атанын тагдыры» драмасынан көрүнгөн эле. Ошентип, ал өзүнүн кезектеги «Миң кыял» тарыхый-биографиялык пьесасында драматургдун жекече стилинин жанрдык формасына айланган чыгармачылык көркөм мүмкүнчүлүктөрүнүн андан ары терендегендигин көрөбүз. Алсак, Б.Жакиев өзүнүн «Миң кыялынын» баш каарманы Токтогулдун акындык образын ачып берүүнүн драмалык формага ылайыкталган мазмунун жаратыш үчүн, анын психологизмдик абалдарын жышаңачтап берет. Атап айтканда, «Миң кыял» драмасындагы өз алдынча каарман катары берилген Бурманын элеси, Заман үнү - Токтогулдун акындык тагдырынын бир бүтүн образы болуп эсептелет.

Тарыхый драматургия жанры өзүнүн реалисттик мазмунунда чагышуу формасына өткөндүгүн, өзгөчө анын 60-жылдардан берки чыгармачылык мүнөзү айгинелеп берген болчу. Мунун өзү көркөм чыгармачылыктын жанрдык байланыштарын түзүп турган тарыхый окуялардын, инсандардын коомдук маанисин белгилеп, алардын Ата Мекен алдындагы өлбөс-өчпөс иштеринин түбөлүктүү образын жаратууга чыга баштаган эле. Эл үчүн зор эмгек өтөгөн инсандардын тарыхый прототибинен түзүлгөн реалисттик окуялар чыгарманын окурмандарына жана көрүүчүлөрүнө адеп-ахлактык дем жаратып, ошол аркылуу өткөндүн чындыгына сугарылган көркөм анализ кийинки учурдун да турмуштук шарттарына байланышууга чыккан эле. Мындай жагдайлар шарттап турган чыгармачылык мазмун, тарыхый контекст менен тыгыз байланыштагы тематикаларды алып чыкты. Булардын катарына Ж.Садыковдун «Жукеев-Пудовкин» жана Н.Байтемировдун «Уркуя» сыяктуу тарыхый-революциялык драмаларын көрсөтүүгө болот. Бул чыгармалардын баш каармандарынын тарыхтан ээлеген орду, драманын көркөм мазмунунда ачылган тарыхый-субъективдердин образдарын алып жүрөт. Жазуучулар качан гана тарыхый булактардан материалдык кеңири мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланган учурда, анын негизги каармандарынын катышында чечилген окуяларды түзүүнү кездөйт, башкача айтканда, конкреттүү инсандардын образдары алардын чыныгы тарыхый жүздөрү аркылуу чагылдырылат.

Тарыхый диалектиканы көркөм терендикте өздөштүрүү менен анын адам жашоосунун карама-каршылыктары аркылуу татаалданган



проблемаларын чечип берүү тенденциясы тарыхый драма жанрынын XX кылымдын экинчи жарымындагы чыгармачылыгына мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнөн болуп саналат, башкача айтканда, ал өз кезегинде келип тарыхый чындыкка карата болгон «кыйыр пикирлерди» четке сүрүп таштап, өзүнүн көркөм-реалисттик чыгармачыл абалын ээлей алды.

«Тарыхый драманын жанрдык трансформациясы жана теориялык аспектилери» деген II баптын «Кыргыз тарыхый драматургиясынын жанрдык трансформациясы» атгуу 1-параграфында тарыхый драмалык чыгармачылыктын жанрдык трансформацияланышында анын көркөм компоненттеринин туруктуулугу жана өзгөрмөлүүлүгү тууралуу маселелердин чечмеленип берилиши бирден-бир маанилүү жагдайлардан болуп эсептелет. Көркөм чыгармачылыктын тигил же бул текте чагылуусунун объектилери өздөрүнүн жанрдык негиздерин дайыма шарттайт. Ошондон келип өзүнүн объективдүү мазмуну менен субъективдүү формасына кимдир бирөөнүн (баяндоочунун) кийлигишүүсүн кабыл албаган көркөм чагылуу жаралат. Ошондуктан, драмалык чыгармачылыктын өзгөчөлүктөрүнөн болуп, мазмун сөзсүз түрдө формага өтүүчү категориялар катары көрүнөт. Алсак, тарыхый эмес драмалардагыдай болуп, тарыхый драма жазып жаткан драматургдар окуяларды чагылдырып берүүдө көбүнесе формалык жактан гана ага кийлигишүүгө мүмкүнчүлүгү бар, анткени, анын сюжеттик мазмуну өзүнүн тарыхый чындыгын алып жүрөт. Ошондуктан, драмада өздөштүрүлүп жаткан материалдар жанрдык критерийлердин өз алдынчалык мыйзамдыктарына жана нормаларына баш ийбей койбойт, башкача айтканда, жазуучу турмуштук окуялардын көркөм дүйнөсүн түзүп берүүдө жанрдык контексттен сырткары боло албайт, тескерисинче жанр аркылуу чыгарманын өз алдынчалуулугуна жетишет. Ал эми чыгармачылыктын жанрдык бөтөнчөлүктөрүн конкреттештирүүнүн феномени катары жазуучунун автордук мамилеси жаралат. Жазуучунун драмалык чыгармадагы орду, окуялык мазмундун формасы аркылуу түзүлгөн өз алдынча турган жанрдык көркөм контексттен да көрүнөт. Ошентип, окуялардын коллизиялык бүтүндүгүн ишке ашыруучу сюжеттик сызыкча пайда болуу менен өзүнүн жанрдык контексттине негизделген тарыхый мазмундун көркөм формасы жаралат. Бирок ушул көркөм форма тарыхый мазмундун өзөгүн ачып берүүчү жанрдык компонентке айланышы керек, анткени, кайсы бир формага баш ийдирилген окуя гана жанрдык мазмун болуп эсептелет. Ошол эле учурда, жанрдык форманын өзү да мазмунга айланбай туруп өзүн толук түрдө ачып бере албайт, ошондуктан ал сезсүз түрдө композициялуу сюжеттик бүтүндүккө муктаж болот. Атап айтканда, жанрдык формага караганда жанрдык ой жүгүртүү туруктуураак болот да, биринчисин кийинкиси дайыма уюштуруп туруучу негизги чыгармачылык

компонент болуп эсептелет. Жөнөкөй айтканда, адабий жанр өзүнүн көркөм мазмунуна карата конкреттүү, ал эми формалык жактан тектүү болуп саналат.

Кыргыз тарыхый драма жанрында көркөм иштелген тарыхый материалдарды карап көрсек, алар жазуучулардын өздөрү түздөн-түз күбө болгон жана тарыхый документтерден, же өткөн тарыхый доорлордун зор казынасынан түзүлгөн эпостук чыгармалардан өздөштүрүлгөнүн байкоого болот. Мунун өзүн тарыхты көркөм чагылдыруу менен убакыттын агымында каныккан реалисттик образдар аркылуу гана ачыш берүү мүмкүнчүлүгү бар экендигин билдирет. Мындан улам кыргыз тарыхый драматургаясынын жанрдык бөтөнчөлүктөрү, элдин улуттук чыгармачылыгынын баштапкы көркөм салттарынын жана кийинки адабий жанрдуулук шарттарынын диалектикалык байланыштарынын ортосунан келип чыккандыгын көрөбүз. Бул маселелердин чыгармачыл жактан ишке ашырылышы тарыхый драматургияныш жанрдык түрлөрүнүн көркөм-реалисттик мазмундарынын үлүштөрүнө туура келет. Ошондуктан, драма чыгармачылыгынын тарыхыйлуулук көркөм процессин ачып берүү үчүн, өз кезегинде аларга жанрдык негизде ой жүгүртүүгө туура келет. Мунун өзү тарыхый драма жанрынын ички бөтөнчөлүктөрүнө ылайык келген өз алдынча түрдүк (вид) негиздерине токтолуу зарылчылыктарын туудурат.

Тарыхый драмалардын жанрдык табиятын бөлүп көрсөтүү үчүн, алардын тарыхый негиздерине көңүл буруу зарылчылыгы келип чыгат. Тарыхый окуялардын чагылдырылышынын жанрдык жактан көп түрдүүлөнүшүнө башат болуп турган компоненттердин катарына, реалисттик образдардын тарыхый абалдарынын көркөмдүк жактан ачылып берилиши өтө маанилүү болуп эсептелет. Ошондуктан, тарыхый драмалардын жанрдык компоненттеринин уюшулушу, өткөн чындыкка шартталган чыгармачылыктын реалисттик мүнөзү аркылуу негизделет. Мына ушул жагынан алганда, тарыхый драмалар түрдүк жактан бири экинчисинен айырмаланган тарыхыйлуулук типтерин жаратат, башкача айтканда булардын жанрдык негиздери көбүнесе тарыхый мазмундун реалисттик абалдары аркылуу түзүлөт.

II баптын «Кыргыз драматургиясынын жанрдык параллелизмдери» деген 2-параграфында тарыхый драмалык чыгармачылыктын жанрдык жактан классификацияланышы маселелерине көңүл бурулат. Мунун натыйжасында театр сахнасы үчүн жана өз алдынча турган адабий көркөм чыгарма катары жазылган драмалардын жанрдык бөтөнчөлүктөрүн аныктап берүүчү теоретикалык критерийлерге таянылып иш жүргүзүлөт. Ал эми драмалык сахнада роман, повесть, новеллалардын драма менен катар өздөштүрүлүп жатышы, адабий тектердин жанрдык чектеринин жоголуп бара жаткандыгын түшүндүрбөйт. Тескерисинче, адабий ой



жүгүртүүнүн көркөм чыгармачылык негиздери өздөрүнүн «жекеликтерине караганда жалпылыктарын» (Гегель) көбүрөөк алып жүрөт. Буга байланыштуу драмалык чыгармачылыктын аналитикалык касиети көрсөтүп тургандай, анын жанрдык табияты искусствонун көп кырдуу өсүп-өнүгүшүнүн көркөм тенденциясына айлана баштагандыгын туюндурат. «Театралдык чыгармачылыктын формалары ушунчалык көп кырдуу боло баштагандыктан, же драматургияны (т.а. адабий тек) өз алдынча түр катары көрсөткөн аныктамасынан баш тартуу керек, же драматургиясыз театр жок деген түшүнүктөн арылышыбыз зарыл»[1]. Ошентип, адабий көркөм процессте мазмуну жанрдык форма менен чектелбеген чыгармалар болот. Кыргыз адабиятынын көркөм чыгармачылык тажрыйбаларынын ичинен мындай булактардын эң көрүнүктүүлөрүнөн болуп элдин эпостук чыгармалары эсептелет. Ошондой эле синкреттик жанр касиетин алып жүргөн көркөм чыгармачылыкка Ч.Айтматов сыяктуу жазуучулардын калеминен жаралган кээ бир беллетристикалык чыгармаларды да көрсөтүүгө болот. Экинчи бир учурда, жазуучулар чыгармачылыктын жанрдык формалары аркылуу анын практикалык критерийлерин түздөн-түз ачып беришет, башкача айтканда жанр - аналитикалык процесс катары конкреттүү формалык мазмунга ээ. Ошол эле учурда көркөм адабияттын драмалык теги анын эпикалык жана лирикалык тектери сыяктуу эле бири-биринин кээ бир бөтөнчөлүү касиеттерине ортомчулук кылуу менен «драма адабияттын бир теги катары театрдын чыгармасына айланууда лирика менен эпостун салттарын колдонгон»[2]. Бул негиздер адабий чыгармачылыктын мазмундук эле эмес, ошондой эле алардын формалык жактан да болгон параллелизмдеринен көрүнөт. Ошондон улам адабий жанр кайсы бир учурда окуяларды мазмундук жактан жөнгө салуучу форма катары көрүнсө, кээде тескерисинче форманы мазмун аркылуу көзөмөлдөөчү көркөм каражат катары пайда болот.

Бул жерден тарыхый окуяларды чагылдырып берүүнүн кээ бир «жанрдык параллелизмдерине» да токтолуп өтөлү. Маселен, кайсы бир чыгарманы жанрдык жактан классификациялоодо анын практикалык (окуялык) негиздерине таянуу менен гана чектелүү, кезегинде аларды түрлөргө (вид) бөлүштүрүүгө көбүнесе жетишсиз болуп саналат. Ошондуктан, адабий көркөм чыгармачылыктын теоретикалык критерийлерине таянуу зарылчылыгы келип чыгат. Мындайча айтканда, адабий тектүү көркөм чыгармачылык жанрлар кайсы бир окуялуулуктун жашоо-турмуштук, тарыхый ж.б.у.с. кырдаалдарынын өзөктүү учурларын ачып берүүнүн адабий ыктары (методу) катары жаралат. Ошентип, бири

[1] Рехельс М. Режиссер – автор спектакля. –Л.. 1969. с.60.
[2] Хализев В.Е. Драма как род литературы. –М.. 1986. с.59.

экинчисине байланыштуу окуялардын драмада тарыхый негизде чагылдырылып берилишинен келип алардын жанрдык бөтөнчөлүктөрүн ачып берүүгө болот. Алсак, тарыхый-биографиялык драмалар сюжеттик формада типтешкен жанрдык мазмун аркылуу уюшулса, ал эми жалпы тарыхый мазмундагы материалдарга негизделген драмалык чыгармаларда болсо, тескерисинче жанрдык мазмун бирдиктүү формага умтулат, тагыраак айткавда, тарыхый-биографиялык драмалар тарыхый драматургия жанрынын башка түрлөрүндөй болуп тематикалык жактан бир мүнөздүү (маселен, тарыхый-революциялык) эмес, ошондуктан алардын тарыхый мазмунун көбүнесе форма уюштурат. Ал эми тарыхый драматургия жанрынын башка түрлөрүнүн (вид) окуялык параллелизмдери көбүнесе мазмунга негизделинет. Анткени, кайсы бир тематикалык формадагы тарыхый мазмундук түрдү алыш үчүн алар өздөрүнө мүнөздүү сюжеттик окуяларды тандашат, башкача айтканда тарыхый-эпикалык драмалар - эпикалык (байыркы), тарыхый-революциялык драмалар - революциялык ж.б. типтеги окуяларды жанрдык негизде көркөм шарттешат. Бул жерден белгилей кете турган нерсе, тарыхый-биографиялык драмалардан айырмаланып, тарыхый драматургия жанрынын башка түрлөрүндө жана ошондой эле тарыхый эмес драмаларда сюжеттик параллелизмдер дээрлик чагылбайт, болсо да жалпы мазмунда гана болот. Ошентип, тарыхыйлуулуктун негизги кырдаалдары адабий чыгармачылык жанрлардын түрдүүчө ыктарын өбөлгөлөйт да, драмалык чыгармачылык тарыхты таанып билүүнүн көркөм методу катары өзүнүн жанрдык критерийлерин уюштурат. Тагыраак айтканда, чыгармачылык метод, сүрөткердин тажрыйбасы кайсы бир доордун тарыхый мүнөзү тууралуу элес бере турган жанрдык процесс катары жаралат. Бул проблематиканы көркөм-реалисттик жактан ишке ашыруунун чыгармачылык жолдору көп кырдуу, ошондуктан адабий методдордун бири дагы универсалдуу же милдеттүү болууга тийиш эмес. Мына ушул жагынан алганда тарыхый драматургия өзүнүн фактылык материалдарына көркөмдүк жактан шартталуунун чыгармачылык критерийлерине негизделген жанрдык түрлөрдүн өз алдынчалык тажрыйбаларына кайрылышат. Мындайча айтканда, тарыхый драмалар жалпысынан кайсы бир тарыхый фактылуулукту чагылдырганы менен аны көркөм өздөштүрүүнүн түрдүүчө жанрдык реалийлерине чыгышат. Маселен, тарыхый драматургия чыгармачылыгынын кайсы гана түрүн албайлы, кезегинде алар ар кыл окуяларды субъективдештирүүнүн адабий шарттарына байланыштуу болгон өзүнө ылайык формасын издейт. Натыйжада, тарыхый-биографиялык драмалар өздөрүнүн, тарыхый-революциялык драмалар өздөрүнүн жана башка тарыхый контексттүү жанрдык мазмундарына умтулушат.



Жыйынтыктап айтканда, тарыхтын элдүүлүгү катары кайсы бир улуттун өткөнү менен кийинкисинин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылып турган жандуу дүйнө болуп дайыма анын реалисттик жүзүнө айланган адабий көркөм жанры жашайт.

Корутувдуда диссертациялык иштин теориялык тыянактарын чыгарууда драматургиялык чыгармачылыктын үлүшүнө туура келген маселелердин практикалык маанилерин белгилеп бердик. Ошондон улам диссертациялык иштин тематикасы боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында пайда болгон негизги жыйынтыктар чыгарышат. Буга байланыштуу адабий чыгармачылыктын кайсы бир жанры көркөм процессте активдүү роль ойноп турган учурда ал дайыма илимий изилдөөнүн көз кырында болот, бирок бул анын бардык маселелери каралып чыгылгандык дегенди билдирбейт. Алсак, кыргыз драматургиясынын тарыхый жанрынын калыптанышы, өнүгүшүнүн жанрдык процесси бүгүнкү күнгө чейин өз алдынча каралып чыгыла элек болчу. Буга байланыштуу анын көптөгөн теориялык маселелери чечилип, такталып чыгууну талап кылып турган эле. Ошондуктан биз өзүбүздүн бул диссертациялык ишибиздин негизги максаттары катары мына ушул маанилүү маселени ишке ашырып, аны жанрдык жактан трансформациялап берүүгө аракет жасадык. Мындан улам тарыхый драматургиянын жанрдык процессинин көркөм адабий контексттерин изилдеп, иликтөөлөрдүн жыйынтыктарында өтө кылдат болууга аракеттендик. Бул болсо жалпы эле кыргыз адабияты аркылуу диалектикалык жактан көркөм тажрыйбаланып келген тарыхый жана адабий материалдардын кыргыз драматургиясында өздөштүрүлүшү иштерине тиешелүү маанилүү маселелерине жооп табууга мүмкүнчүлүк берди. Ошентип, корутундуда кыргыз тарыхый драматургия жанрынын башаттары катары жеке эле анын тарыхый кыйырлары эмес, ошондой эле анын адабий чыгармачылык реализмдеринин тарыхый мааниге ээ болгон функционалдык көркөм жыйынтыктары да чыгарылды.

Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү эмгектерде жарык көргөн:


1. Кыргыз тарыхый драма жанрынын калыптанышы, өнүгүшү. Вестник КГНУ. Серия филологические науки. Вып.2. –Б., 1997, 0,25 б.т. с. 182-187.
2. Кыргыз тарыхый драмасынын жанрдык өнүгүшүнүн булактары. Вестник КГНУ. Серия филологические науки. Вып. 2. –Б., 1997, 0,29 б.т. с. 179-185.

3. А.Токомбаевдин тарыхый драмаларындагы жанрдык жаңычылдык. Вестник КГНУ. Серия филологические науки. Вып.2 -Б 1998 0 33 б.т. с.140-148.
4. Тарыхый драманын жанрдык трансформациясы. //Эл агартуу -Б., 1999, 0,37 б.т. 68-77-б.
5. Тарыхый драмалардын жанрдык тенденциялары. Вестник КГНУ. Серия филологические науки. Вып. 2. –Б., 1999, 0,33 б.т. с. 8-16.
6. Кыргыз тарыхый драма жанрынын теориясы, практикасы. Вестник КГНУ. Вып. 2. Сер.фил.науки. Ч.1. –Бишкек, 1999, 0,33 б.т 166-174-б.
7. Кыргыз драматургиясында тарыхый-биографиялык жанрдын көркөм өздөштүрүлүш маселелери. //Китепте: Кыргыз тили: кечээ, бүгүн жана эртең. -Бишкек, 2000, 0,33 б.т. 329-337-б.
8. Кыргыз тарыхый драматургиясынын жанрдык аспектилери. //Кыргыз тили жана адабияты. -Каракол - 2001, №2, 0 28 б т 176-181-б.
9. Театр менен драманын жанрдык параллелизмдери. Окумуштуу тилчи жана педагог Самак Давлетов менен Жүзөкан Осмонованын 70 жылдыгына арналган республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары. //ЫМУнун «Кыргыз тили жана адабияты» журналынын тиркемеси. –Каракол, 2002, 0 33 б т 189-196-б.

Ю.К. Тыныстанов кыргыздын тарыхый драматургиясын түптөөчүлөрдүн бири. Профессорлор К.Тыныстанов, Х.Карасаев жана мамлекеттик ишмер Ж.Абдрахмановдун 100 жылдыгына арналган «Эл куту болгон Ысык-Көл аймагынын залкарлары» илимий-практикалык конференциясынын материалдары. //ЫМУнун «Кыргыз тили жана адабияты» журналынын тиркемеси. -Каракол, 2002, 0,28 б.т. 96-100-б.



Кыргыз драматургиясында тарыхый жанрдын калыптанышы, өнүгүшү

## АННОТАЦИЯ

Диссертациялык иштин негизги маселелерин чечип берүүнүн маанилүү жагдайларынан болуп, кыргыз элинин турмуштук жана маданий байланыштарынан түзүлгөн адабияттын тарыхый жанрдык негиздерин түзүп берүү саналат. Ошондуктан, ар мезгилдин чыгармачыл өкүлдөрүнүн тарыхый фактыларга кайрылуусунун мыйзам ченемдүү көркөм шарттары жаралат. Бул маселелер өзгөчө көңүл бөлүүгө арзыйт, анткени, көркөм чыгармачылыктын өзү да, тарых сыяктуу эле мезгилдик мүнөздөгү реалисттик чындыктан турат. Ошого байланыштуу диссертацияда кыргыз драматургиясында тарыхый жанрдын калыптанышы, өнүгүшү процесси иликтенип, анын чыгармачылык жактан көркөм трансформацияланышы каралып чыгылды. Мындан улам кыргыз тарыхый драматургиясынын түрдүк жактан болгон жанрдык бөтөнчөлүктөрү жана жалпылыктары теориялык негизде классификациялоодон өттү. Бул маселелер биринчи кезекте тарыхый драматургиянын жанрдык жана чыгармачылык негиздерине жаткан формалык жана мазмундук параллелизмдерин ачып берүүдөн көрүнөт. Ошондон улам иштин борбордук маселелерин чечип берүү үчүн тандалып алынган тарыхый чыгармачылыктын жанрдык параллелизмдери аныкталып берилди.

Становление и развитие исторического жанра кыргызской драматургии

## АННОТАЦИЯ

Раскрытие основ исторического жанра литературы, состоящий из взаимосвязи жизни и культуры кыргызского народа, является содержательной стороной основных проблем данного диссертационного исследования. Поэтому обращение представителей творчества каждой эпохи к историческим фактам влечет за собой проявление художественных закономерностей. Данная проблема требует к себе пристального внимания, так как само художественное творчество подобно истории состоит из реалистической правды. В связи с этим в диссертации рассматривается процесс становления и развития исторического жанра кыргызской

драматургии, с творческой позиции раскрывается его художественная трансформация. Далее в работе проведена теоретическая классификация исторического жанра кыргызской драматургии и показано его разностороннее жанровое своеобразие. В первую очередь данные проблемы можно проследить через формальный и содержательный параллелизм, лежащий в основе исторического жанра кыргызской драматургии. В заключении в диссертации для решения основных вопросов был исследован жанровый параллелизм в историческом творчестве.

## ANNOTATION

Disclosing of the basis of *a* historical literature genre consisting of Kyrgyz nation's life and culture correlation is a substantial side of the тат points of the given dissertational research. This 13 why the reference of the culture representatives of eacЬ epocЬ of the historic facts leads to the conformity to art laws display. TЬe given гroЫет demands intent attention, as art creativity, similar to a history, consists of the reaHз^c truth. In this connection, the process of historical genre establishment and development in Kyrgyz dramatic art 13 considered т the dissertation. The art transformation 15 described from the creative position. Further a theoretical classification of Kyrgyz's dramatic art historical genre is shown *m* the work. Versatile genre originality 15 shown as well. First of all the given proЫетз cап Ьe traced though the formal and substantial parallelism, underlying a historical genre of he Kyrgyz dramatic art. In the conclusion genre parallelism in historical creativity was investigated in the dissertation in order solve the тат problems.